ТҮНДҮК
открытое акционерное общество

АБИТУРИЕНТ ҮЧҮН НУСКАМА (КООЖ)

# ПОРТАЛ «АБИТУРИЕНТ ONLINE»

## Жалпы маалымат

**«Абитуриент Online» —** Кыргыз Республикасынын кесиптик орто окуу жайларына борборлоштурулган онлайн кабыл алуу порталы. Бул кызматты КРдин Агартуу министрлиги жана КРдин Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлиги үчүн «Түндүк» ААК тарабынан иштелип чыгып жана ишке киргизилген. Система кабыл алуу комиссияларына жеке кайрылуу муктаждыгын жоюп, бюрократиялык тоскоолдуктарды азайтат. Ошондой эле документтерди тапшыруу жана конкурстук тандоо процессин толугу менен аралыктан жүргүзүү форматына өткөрүп, ар бир бүтүрүүчү үчүн окууга кирүү процессин жеткиликтүү жана ачык-айкын кылат.

### Бул система эмне үчүн керек?

Онлайн кабыл алуу порталы мамлекеттик деңгээлдеги үч негизги маселени чечүү үчүн зарыл:

- **Жеткиликтүүлүк:** өлкөнүн каалаган аймагынан абитуриенттерге алыстан кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Документтерди жеке тапшыруу үчүн Бишкекке же башка шаарга барууга акча каражат жумшоонун кереги жок.
- **Адилдик:** «адам факторун» жокко чыгарат. Рейтингдер ОРТ/негизги жалпы билим аттестатынын баллдарынын негизинде автоматтык түрдө түзүлөт.
- **Убакытты үнөмдөө:** татаал бюрократиялык процессти бир чыкылдатууга айландырат. Система маалыматтарды өзү текшерет, каталарды азайтат.

## Порталды пайдалануу боюнча кадамдык нускама


### 1. Портал сайтына өтүү

Иштеп баштоо үчүн расмий порталды ачуу керек

**https://2020.edu.gov.kg/**

### 2. Системаны тандоо

Порталдын башкы бетинде катталууга өтүү үчүн «КООЖ (колледж)» баскычын басыңыз.



**Катталуудан мурун эмнени даярдоо керек:**

- ✓ Аттестаттын же негизги жалпы билим берүү жөнүндө күбөлүктүн эки тарабынын тең сүрөтү/сканы
- ✓ Паспорттун же туулгандыгы тууралуу күбөлүктүн сүрөтү/сканы
- ✓ Жеңилдик тууралуу документтин сүрөтү/сканы (эгер бар болсо)
- ✓ Электрондук почта
- ✓ 11-класс үчүн — ЖРТ

**Маанилүү:** Сүрөт жана скандар — так, четтери кесилген эмес болуусу шарт.

## 3. Катталуу




**Сайттын жогорку менюсундагы «КАТТАЛУУ» баскычын басыңыз.**

Жылдызча * менен белгиленген маалыматтарды боштуксуз толтуруңуз.


- ИЖН* — паспорттогу 14 сандуу номер.
- ФИО* — паспорттогудай (Ө, Ү, Ң тамгаларын экрандык клавиатураны колдонуп жазыңыз).
- Документ* — паспорттун сериясын жана номерин боштуксуз толтуруңуз (мисалы: *ID12345*).
- Класс* — 9 же 11-класс тандаңыз.
- Ырастоо* — «Код алуу» баскычын басыңыз жана электрондук почтаңызга келген номерди киргизиңиз.
- Сырсөз* — сырсөз ойлоп таап жазыңыз жана кайталаңыз (6 символдон кем эмес).

Бетти аяктоо үчүн барактын эң ылдыйындагы «Катталуу» баскычын басыңыз.

Жеке кабинетке кирүү үчүн:

- Логин = сиздин ИЖН (14 сандуу номер)
- Сырсөз = өзүңүз ойлоп тапкан сырсөз

Катталуу формасын толтуруунун үлгүсү:



## Катталуу

Бардык керектүү талааларды толтуруңуз

Жарандык *
Кыргызстан

ИЖН *
20302200822558

Фамилиясы *
Темирбек уулу
ө ү ң ↑

Аты *
Акылбек
ө ү ң ↑

Атасынын аты
мисалы: Акылбекович
ө ү ң ↑

Жынысы *
Эркек

Туулган күнү *
03.02.2008

Паспорт/Туулгандыгы тууралуу күбөлүк *
ID1234567

Берилген күнү *
25.12.2025

Класс *
9-класс

Телефон номери *
+996 (555) 123-456

Электрондук почта *
a.temirbek@gmail.com

Кодту алуу

Ырастоо коду *
123456

Сырсөз *
•••••••••

Сырсөздү ырастаңыз *
•••••••••


Катталуу

## 4. Жеке маалыматтар

Ийгиликтүү катталгандан кийин Кирүү баскычы аркылуу жеке кабинетке кирип жана жеке маалыматтарды толтуруу керек.




- **«Жеке маалыматтар»** бөлүмүндө жылдызча (*) менен белгиленген бардык талааларды толтуруңуз. Катталуу дарегин (прописканы) паспорттогудай так жазыңыз.
- **Льгота тандоо:**
  - **Артыкчылыгы жок —** жалпы шарттарда стандарттык кабыл алуу.
  - **Артыкчылыгы бар—** тизмеден категорияны тандап документти жүктөңүз.
  - **Конкурстан сырткары —** жеңилдик алуучулар жана олимпиада жеңүүчүлөрү үчүн (документ талап кылынат).




### Документтерди жүктөө:

**Маанилүү:** алгач «Маалыматты сактоо» баскычын басыңыз, андан кийин гана файлдарды жүктөңүз. Антпесе тиркелбейт!

1. Аттестаттын / күбөлүкүн алдыңкы тарабы.
2. Аттестаттын / күбөлүктүн арткы тарабы.
3. Жеңилдик тууралуу документ (эгер бар болсо).


### Конкурстан сыркары:

- Олимпиада жеңүүчүлөрү (1–3-орун, ушул жылкы) — профилдик адистиктерге конкурссуз.
- Облустук мектеп окуучулар конкурсунун жеңүүчүлөрү (1–3-орун) — СПУЗ-га конкурссуз (Бишкектен тышкары), ЖРТ баллы босогодон кем эмес болсо.




## 5. КООЖ (колледж) тандоо

➢ Сол жактагы менюдан **«КООЖ(колледж) тандоо»** бөлүмүн тандаңыз.





*Бөлүм тур ачык учурунда гана активдүү.*
*Так мөөнөтүн «Турлардын графиги» бөлүмүнөн караңыз.*


➢ Форманы толтуруңуз :

- Аймакты* көрсөтүңүз
- КООЖ*
- Адистик*
- Окуу формасы* (күндүзгү/сырттан)
- Төлөм формасы* (бюджет/контракт)

➢ **«Каттоо»** баскычын басып, талондогу маалыматты текшериңиз



- Рейтингдеги ордуңузду көрүү үчүн **«Рейтинг тизмесин көрүү»** баскычын басып — өзүңүздүн шансыңызды байкап көрүңүз.
- Ырастоо үчүн экраныңызда көрсөтүлгөн алты сандан турган шифрди (мисалы, 309272) бош уячаларга жазып, «Каттоо» баскычын басыңыз.




**Маанилүү:** Артыкчылык — негизги жана предметтик тестти босого баллдан жогору тапшыргандарга берилет.

**Турда арыз (билдирме) берүү эрежеси:**

- Бюджетке 1 талон
- Контрактка 1 талон

## 6. Статус жана арызды башкаруу

**«КООЖ(колледж) тандоо»** бөлүмүнөн арызыңыздын статустарын дайыма текшерип туруңуз.

| Статус | Эмнени билдирет? / Эмне кылуу керек? |
|---|---|
| **Талон катталды** | Арыз ийгиликтүү берилди. Документтердин текшерилишин күтүңүз. |
| **Сунушталды** | Сизге орун сунушталды. Белгиленген мөөнөттө «Ырастоо» баскычын басыңыз. |
| **Абитуриент тарабынан ырасталды** | Арызды ырастадыңыз. КООЖ тарабынан ырастоону күтүңүз. |
| **КООЖ тарабынан ырасталды** | Кабыл алуу аяктады**. Куттуктайбыз!** |
| **Алып кетти** | Кайтарып алуу баскысы аркылуу арыз кайтарылды. Орун конкурска кайтты. |

**Маанилүү!**

- **«Сунушталды»** статусун белгиленген мөөнөттө ырастоо керек.
- Эгер ырастабасаңыз — орун кийинки абитуриентке өтөт.

## 7. Кабыл алуунун акыркы этабы (оффлайн)

**«КООЖ (колледж) ырастады»** статусунан кийин:

- Ырастоону сактаңыз (статустун скриншоту).
- Кабыл алуу комиссиясы менен байланышып, баруу күнүн аныктаңыз.
- Белгиленген мөөнөттө КООЖго документтердин оригиналы менен барыңыз.
- Келишимге кол коюңуз (окуу акылуу же ваучер боюнча болсо).

# Кошумча маалымат

### ✦ Ваучер (педагогикалык адистиктер үчүн)

Бул мамлекет тарабынан колдоо, абитуриенттерге Кыргыз Республикасындагы каалаган КООЖдо (мамлекеттик же мамлекеттик эмес) — педагогикалык адистиктерге кабыл алуу мүмкүнчүлүгүн берет жана билим берүү тармагына кадрларды тартуу максатына багытталган. Эгер мамлекеттик эмес КООЖдогу окуунун наркы ваучер суммасынан ашса — ашкан бөлүгүн студент өзү төлөйт.

**Маанилүү!** Ваучер — бул жоопкерчилик. Алдын ала ойлонуп чечим чыгарыңыз.

- Окууну аяктагандан кийин — адистик боюнча милдеттүү иштеп берүү.\
- Баш тартуу же окуудан чыгарылган учурда — ваучер суммасын кайтаруу керек.

### ✦ Предметтик тесттер – 11-класс базасы үчүн гана

| Адистиктер | Талаптар |
|---|---|
| Медицина жана фармация | Негизги тест + химия + биология. |
| Финансы, экономика, IT, курулуш, укук, техника | Негизги тест + профилдик предмет. Жок болсо катышса болот, бирок артыкчылык сдагандарда. |
| Ваучери бар педагогика | Негизги тест. Конкурс 2 этапта. |
| Искусство, дене тарбия, дизайн, чач-маникюр ж.б. | ОРТ керек эмес — 9 да, 11 да. Кириш сынактарын СПУЗ өткөрөт. |
| Архитектура (270301), Буюмдарды көркөм жасалгалоо (071505) | Негизги тест + СПУЗ-да чыгармачылык сынактар. |
| Авиациялык адистиктер | Негизги тест + учкучтук медициналык комиссия + кош. сынактар. |
| Аба транспортунда кызмат 100112 | Негизги тест + учкучтук медициналык комиссия + англис тили |

## ✦ Системага кирүү жана типтүү көйгөйлөр

- Кирүү жана арыз берүүдөгү көйгөйлөр:
  - Кире албай жатам: ПИН(ИЖН) жана сырсөздү боштук жана баскыч тактасы жагынан текшериңиз. Эсиңизде жок болсо, портал кирүү бетинде «Сырсөздү унуттуңузбу?» баскычын басыңыз.
  - «КООЖ тандоо» баскычы басылбай жатат (боз түстө): «Турлар графигин» текшериңиз. Учурдагы турга арыз кабыл алуу  башталган жок же аяктап калды.
  - Техникалык колдоо номери: 110 (өзүңүз чечилбеген маселе болсо чалыңыз).
- ЖРТ менен көйгөйлөр (11-класс үчүн гана)
  - Баллдар тартылбай жатса: ИЖНди текшериңиз (так 14 сан, боштуксуз).
  - Эгер баллдар чыкпаса, **110** номерине чалып, ИНН жана ОРТ тапшырган жылды айтыңыз.

**Маанилүү!**

Башкалардын ЖРТ маалыматтарын пайдалануу катуу тыйылган жана КР мыйзамы боюнча жоопкерчиликке алып келет!

**БАЙЛАНЫШ ЖАНА КОЛДОО КЫЗМАТТАРЫ**

Техникалык колдоо: 110

2020.edu.gov.kg

**Ийгилик каалайбыз!**